**БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ 8 ЗАСЕДАНИЕСИНИН**

**Т О К Т О М У**

Кайнама айылы №8/1 27-январь 2022-жыл

Будалык айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджеттин 2020-жылга маалыматы, 2022-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн бекитүү, 2023-2024-жылдарга болжолдуудолбоорун бекитүү жөнүндө

Будалык айыл өкмөтүнүн башчысы К.Мусабаевдин маалыматын угуп жана талкуулап айылдык Кеңешинин XII чакырылышынын кезектеги XIII заседаниеси **токтом кылат** :

**1**. Будалык айыл өкмөтүнүн 2020-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 16190,6 миң сомго, анын ичинен өздүк киреше 1162,6 миң сом (анын ичине атайын каражат 110,2миң сом), теңдештирүүчү трансферт 9723,7 миң сом, республикалык бюджеттен берилүүчү максаттуу трансферт 746,6 миң сом, өткөн жылдан өткөн калдык 4557,7 миң сом жана чыгаша бөлүгү 12360,5 миң сомго аткарылгандыгы белгиленсин.

**2.** Будалык айыл өкмөтүнүн 2021-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 16395,0 миң сомго, анын ичинен өздүк киреше 3041,1 миң сом ( анын ичине атайын каражат 410,7 миң сом ), теңдештирүүчү трансферт 8781,5 миң сом, республикалык бюджеттен берилүүчү максатту трансферт 742,4 миң сом, өткөн жылдан өткөн калдык 3830,0 миң сомго жана чыгаша бөлүгү 14766,5 миң сомго аткарылгандыгы белгиленсин.

**3.** Будалык айыл өкмөтүнүн 2022-жылга жергиликтүү бюджеттен киреше бөлүгү 11410,5 миң сомго, анын ичинен теңдештирүүчү трансферт 8660,0 миң сомго, өздүк киреше 2750,5 миң сомго ( анын ичинде атайын каражаттар320,0 миң сом ) бекитилсин.

**4.** 2023-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорунун планы 11492,5 миң сомго, анын ичинен: теңдештирүүчү трансферт 8660,0 миң сомго, өздүк киреше 2832,5 миң сомго, 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн планы 11551,5 миң сомго анын ичинен: теңдештирүүчү трансферт 8660,0 миң сомго, өздүк киреше 2891,5 миң сомго долбоорунун болжолу бекитилсин.

5. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектепке чейинки мекеме, балдар бакчаларындагы балдардын ата-энелерден түшүүчү төлөмдөрү бир балага айына 500 сомдон белгиленсин.

6. Будалык айыл өкмөтүндө жайгашкан мектептерге жана мекемелерге бюджетте каралган акча каражаттарын туура жана максатту пайдалануу жагын камсыз кылуу, отчет-учет иштерин убагында тапшыруу жагы милдеттендирилсин.

**Будалык айылдык кенешинин төрагасы: Арапбай уулу У**